**Кызыл –Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2022-2023 окуу жылындагы педагогикалык кеңешмесинин №3 протоколу**

Токтогул атындагы №6 орто мектеби 09.01.2023

Катышуучулар :

Төрайымы: Сарытаева Д.Т.

Катчы:Кадырбердиева А.

Мугалимдер : 42

**Күн тартибинде каралуучу маселелер** :

1. 2-чейрек жыйынтыгы
2. Окуучулардын сабактарга катышуусу
3. Шаардык предметтик олимпиадага катышуу эрежелери менен таанышуу
4. Мектепке 2022-2023 – окуу жылында программалык жана институционалдык аккредитациялоодон өткөрүүгө даярдоо, комиссия курамын көрсөтүү.
5. 9, 11- класстын окуучуларын "Өзгөчөлөнгөн күбөлүккө" " Артыкчылык аттестатына" сунуштоо .

**Угулду** :

1- маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы А.Эгембердиева билдирди :

- Урматтуу кесиптештер, уруксатыңыздар менен 2- чейрек жыйынтыгы менен тааныштырып кетсем : Чейрек ичинде башында окуучулардын саны 973 бала, чейрек аягында 974 түздү башкача айтканда 23 окуучу келип, 22 окуучу кеткен . Ошентип 1-4 класстарда-396, 5-9 класстарда - 514, 10-11 класстарда - 64 окуучу бар. Ал эми билим сапатына токтолсом, мектеп боюнча 2-чейректин билим сапаты - 36% көрсөттү. Бул 1-чейрекке салыштырмалуу 1% ке өсүү болгон . Таблицада көрүнүп тургандай (слайд) билим сапаты 1-чейрекке салыштырмалуу 4 -а класста -3% ке ,5-в класста - 5%ке , 5-г класста -9 %ке, 7-г класста -3%ке, 9-а класста - 4%ке, жогорулагн . Ал эми билим сапаты 3-а класста -5% , 3-б класста -6% , 5-а класста -6%, 6-б класста-6%, 9-в класста-3% , 11-класста-9% төмөн түшкөн. Азыр билим сапаты төмөн түшкөн класстардын класс жетекчилеринин анализине көңүл бурсак :

1. Тойгонбаева Б. 3-а классынын жетекчиси. Бул чейректе окуучулар орус тилинен төмөн болуп калды. Биз предметтик мугалим Касымалиева Каныкей эжеке менен сүйлошүп, кийинки чейректен дагы аракеттенебиз.
2. Ысмайылова Н. 3 –б классынын жетекчиси: 2-чейректе окуучулардын билим сапатынын төмөн түшкөндөрү 1- чейректе классты жаңыдан алып, бир аз жогору койгондуктан, жогору болгон. Азыркы чейректе өз билимдерине жараша бааланды.
3. Шайдулла к. Д. 6- а классынын жетекчиси: Мен да классты быйыл жаныдан алып, балдарды жакшы таануу кыйын болуп, 1 – чейректе бир аз жогору бааланып калган.
4. Эгембердиева А. 11 – класс жетекчиси : Биздин класстын билим сапатынын тушуусу, окуучулардын сабактан кийин кошумча ЖРТ га даярдануу үчүн курстарга барышып, үйгө берилген тапшырмаларга көнүл бөлүнбөй калгандагы болду. Ошондой эле, 11 – класс окуучулары менен сүйлөшүүлөр болуп , кийинки чейректен билим сапатыны жогорулатууга аракеттенүү каралды.

2 – маселе боюнча тарбия завучу Г.Бекенова суйлөдү. Урматтуу мугалимдер көңүлүңүздөрдү 2 – чейрек ичиндеги окуучулардын сабакка катышуусу боюнча диаграммаларга көңүл бурсак. (слайд) Чейрек ичинде сабактардан эң көп калуулар башталгыч класстарда: 1-в, 1-г, 3-в (34) 4-в класста (33) окуучу болду. Ал эми 5-11-класстарда : 9-в классы (94), 9-б классы (88), 9-а классы (69)

**Кызыл –Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2022-2023 окуу жылындагы педагогикалык кеңешмесинин №3 протоколу**

Токтогул атындагы №6 орто мектеби 09.01.2023

Катышуучулар :

Төрайымы: Сарытаева Д.Т.

Катчы:Кадырбердиева А.

Мугалимдер : 42

**Күн тартибинде каралуучу маселелер** :

1. 2-чейрек жыйынтыгы
2. Окуучулардын сабактарга катышуусу
3. Шаардык предметтик олимпиадага катышуу эрежелери менен таанышуу
4. Мектепке 2022-2023 – окуу жылында программалык жана институционалдык аккредитациялоодон өткөрүүгө даярдоо, комиссия курамын көрсөтүү.
5. 9, 11- класстын окуучуларын "Өзгөчөлөнгөн күбөлүккө" " Артыкчылык аттестатына" сунуштоо .

**Угулду** :

1- маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы А.Эгембердиева билдирди :

- Урматтуу кесиптештер, уруксатыңыздар менен 2- чейрек жыйынтыгы менен тааныштырып кетсем : Чейрек ичинде башында окуучулардын саны 973 бала, чейрек аягында 974 түздү башкача айтканда 23 окуучу келип, 22 окуучу кеткен . Ошентип 1-4 класстарда-396, 5-9 класстарда - 514, 10-11 класстарда - 64 окуучу бар. Ал эми билим сапатына токтолсом, мектеп боюнча 2-чейректин билим сапаты - 36% көрсөттү. Бул 1-чейрекке салыштырмалуу 1% ке өсүү болгон . Таблицада көрүнүп тургандай (слайд) билим сапаты 1-чейрекке салыштырмалуу 4 -а класста -3% ке ,5-в класста - 5%ке , 5-г класста -9 %ке, 7-г класста -3%ке, 9-а класста - 4%ке, жогорулагн . Ал эми билим сапаты 3-а класста -5% , 3-б класста -6% , 5-а класста -6%, 6-б класста-6%, 9-в класста-3% , 11-класста-9% төмөн түшкөн. Азыр билим сапаты төмөн түшкөн класстардын класс жетекчилеринин анализине көңүл бурсак :

1. Тойгонбаева Б. 3-а классынын жетекчиси. Бул чейректе окуучулар орус тилинен төмөн болуп калды. Биз предметтик мугалим Касымалиева Каныкей эжеке менен сүйлошүп, кийинки чейректен дагы аракеттенебиз.
2. Ысмайылова Н. 3 –б классынын жетекчиси: 2-чейректе окуучулардын билим сапатынын төмөн түшкөндөрү 1- чейректе классты жаңыдан алып, бир аз жогору койгондуктан, жогору болгон. Азыркы чейректе өз билимдерине жараша бааланды.
3. Шайдулла к. Д. 6- а классынын жетекчиси: Мен да классты быйыл жаныдан алып, балдарды жакшы таануу кыйын болуп, 1 – чейректе бир аз жогору бааланып калган.
4. Эгембердиева А. 11 – класс жетекчиси : Биздин класстын билим сапатынын түшуусу, окуучулардын сабактан кийин кошумча ЖРТ га даярдануу үчүн курстарга барышып, үйгө берилген тапшырмаларга көнүл бөлүнбөй калгандагы болду. Ошондой эле, 11 – класс окуучулары менен сүйлөшүүлөр болуп , кийинки чейректен билим сапатыны жогорулатууга аракеттенүү каралды.

2 – маселе боюнча тарбия завучу Г.Бекенова суйлөдү. Урматтуу мугалимдер көңүлүңүздөрдү 2 – чейрек ичиндеги окуучулардын сабакка катышуусу боюнча диаграммаларга көңүл бурсак. (слайд) Чейрек ичинде сабактардан эң көп калуулар башталгыч класстарда: 1-в, 1-г, 3-в (34) 4-в класста (33) окуучу болду. Ал эми 5-11-класстарда : 9-в классы (94), 9-б классы (88), 9-а классы (69)

окуучуну түзүп, катышуу боюнча төмөнкү көрсөткүчтөрдү беришти. Азыр класс жетекчилердин сөзүн уксак :

1. Кудайбердиева С. 1-в классынын жетекчиси: Биздин класста бул чейректе 2 окуучу суу чечек , 3 окуучу шамалдап суук өтүп ооруп келбей калышты. Баары үйдөн даарыланышкан. Ата-энелери байланышта болду.
2. Аскар к.Н. 1-г классынын жетекчиси : 2 окуучу суу чечек менен ооруп, айыгышты. Анан алыста жашаган окуучуулар кечүү менен 5 минутадан кеч калып жатышты.
3. Жээнбекова Г. 9-в классынын жетекчиси: 2-чейректе биздин класста эң көп калтыруу болгону 1 окуучу ооруп журду , справкасы бар. Камчыбеков С . окуучу ата-энеси Россияда болуп, чоң энесинин колунда, ошондуктан көп калтырып жатат сабакты.
4. Дүйшекеева А. 9-б класс жетекчиси: биздин класста себепсиз сабак калтыруулар аз. Бирок, биринчи сабакка кечигуулөр , 2 саатка уктап келген окуучулар болууда. Кеч калган окуучулардын ата-энелери менен сүйлөшүлуп жатат.
5. Мектеп директору Д. Т.Сарытаева сүйлөдү: Урматтуу класс жетекчилер жана предметтик мугалимдер, сабактан кеч калган окуучуларды , сабакка киргизбей коюулар болбошу керек. Жөн гана окуучуга түшүндүрүү иштерин, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, ата-энелер менен байланышуу иштерин алып баруу керек. Ошондой эле , ооруп калган учурда медсправканы суроо. Ата-энесинен сабактан калуусу боюнча тушунук кат алыныздар. Сабактан 2 күндөн ашык, себепсиз калган окуучунун артынан тез арада иш жүргүзүү керек. Ооруп калган окуучуну себепсиз калган окуучулардын катарынан чыгарып саноо керек, эгерде справкасы болсо. Бул иштер класс жетекчинин милдети экендигин дагы эскертебиз.

1-Маселе боюнча окуу бөлүм башчысы Эгембердиева А:

Урматтуу мугалимдер өзүңөр билгендей 2023-жылдын 19-20-январь күндөрү Республикалык предметтик олимпиадасынын II туру шаарыбыздагы № 2 Кыргызстандын 50 жылдыгы орто мектебинде өтөт. Ага 12 предметтен 36 окуучу катышат. Сиздер шаардык билим берүү жана мектеп директору тарабынан чыккан , олимпиаданы өткөрүү тартиби жөнүндөгү буйруктары менен таанышкансыздар. Ошентип, олимпиада күнү комиссия мүчөлөрү саат 8.20га окуучулар 9.30га кечикпестен жана байкоочу 2 мугалим №2 мектепке баруунуздар керек. Ошондой эле, окуучулар эжекелер менен тааныштырылып, керектүү каражаттар менен камсыздалуусу керек. Жардам керек болсо, мектеп администрациясына кайрылсаңыздар болот.

Жарыш сөзгө чыккандар болгон жок.

4-маселе мектеп директору Д.Т.Сарытаева сүйлөдү: Саламатсыздарбы кесиптештер. Быйыл мектеп программалык жана институционалдык аккредитациялоодон январь айынан баштап өтөт. Атайын буйрук менен аккредитациялоого мектептин өзүн-өзү баалоосун киргизүү жана отчёт жазуу үчүн комиссия мүчөлөрү бекитилди. Комиссия мүчөлөрүн так , туура өз убагында мектептин 2 аккредитациялоо багыты боюнча өзүн-өзү баалоо отчётун жүргүзүүгө жана педагогикалык кеңеште тааныштырууга милдеттендирип кетем.

Жарыш сөзгө чыккандар болгон жок.

5-маселе боюнча окуу бөлүм башчысы А.Эгемдердиева маалымат берди.

Урматтуу мугалимдер. 9-11- класс окуучуларынын арасынан мыкты окуган окуучуларды "Өзгөчөлөнгөн күбөлүккө" жана "Артыкчылык аттестатына" жыл сайын көрсөтүп келебиз.Быйылкы окуу жылында да окуучулардын ичинен татыктууларын сунуштасаңыздар.

Жарыш сөзгө чыккандар :

1. 9-а классынын жетекчиси Т.Умаралиева: Биздин класста окуунун жана коомдук иштердин мыктылары Умарова М. жана Исралиева С. Ушул окуучуларды сунуштаймын.
2. 9-б класс жетекчиси Кошокеева А. Биздин класста жакшы окуган балдар да бар. Бирок, "4" деген баалар менен аралаш окушат.
3. 9-в класс жетекчиси Жээнбекова Н. Биздин класста татыктуу 2 кыз окушат. Мамаджанова К; Абдилла к. З окуунун мыктылары. Коомдук иштердин , түрдүү конкурстардын жеңүүчүлөрү.
4. 11-класс жетекчиси А.Эгембердиева : Камчиева М. Мектептик, шаардык олимпиадаларынын жеңүүчүсү. Шаардык, областтык,республикалык конкурстардын женуучусу. Окуунун мыктысы.
   - Класс жетекчилер сунушташкан окуучуларды баарын колдоймун. Көрсөтүлгөн окуучулар баары татыктуу.
   - Педагогикалык жаамат өз ойлорун айтышып , бир добуштан колдошту.

Педагогикалык кеңеш жогорудагы маселелерди карап чыгып
төмөнкүдөй чечим кылат :

1. 2- чейрек жыйынтыгын "канааттандыраарлык" деп табылсын. Билим сапаты төмөн болгон 5-б,6-б,8-а (30%) ошондой эле 5-в,5-г,6-б,9-в класстарынын жетекчилери предметтик мугалимдер, окуучулар, ата-энелер менен кошумча иш алып баруусун сунуштаймын.
2. Чейрек ичинде сабактан көп калуулар болгон 1-в,1-г,3-в,4-в,9-а,9-б,9-в класс жетекчилери, окуучулар , ата-энелер менен тыгыз иш алып баруу, катышууну жакшыртуу устундо күчөтүү иштерин жүргүзүү.
3. Шаардык олимпиадага толук жана белгиленген эреже боюнча окуучулардын, предметтик комиссия мүчөлөрүн катыштыруу окуу бөлүм башчысы А.Эгембердиевага жүктөлсүн.
4. Мектептин аккредитациялоодон өтүү үчүн өзүн-өзү баалоо отчёту түзүлгөн комиссия мүчөлөрү тарабынан өз убагында, так,туура жүргүзүү сунушталсын.
5. 9 классынын окуучулары Исраилова С. Мамаджанова К. Абдилла к. З. "Өзгөчөлөнгөн күбөлүккө" 11-классынын окуучусу Камчиева М. "Артыкчылык аттестатына" сунушталсын.

Педкеңештин төрайымы: /      / Сарытаева Д.
Катчы: /      / Кадырбердиева А.